И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин жана Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин Д 13.23.673 диссертациялык кеңешинин мүчөсү, педагогика илимдеринин доктору, профессор Рысбаев Сулайман Казыбаевичтин изденүүчү Кенжешев Каныбек Дүйшөналиевичтин "Кыргыз адабиятын жогорку класстарда этнопедагогикалык негизде окутуунун методикасы" аттуу темадагы адистиги 13.00.02-окутуу менен тарбиялоонун теориясы жана методикасы (кыргыз адабияты) шифрына ылайык жазылган доктордук диссертациялык иши тууралуу

# РАСМИЙ ОППОНЕНТТИК ПИКИРИ

**Илимий кеңешчиси-**Ишекеев Назаркул Ишекеевич, педагогика илимдеринин доктору, профессор, КР УИАнын корреспондент-мүчөсү.

Иш Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетинин кыргыз адабияты кафедрасында аткарылды.

**1. Изилдөөнүн темасынын адистикке дал келиши**

Кенжешев Каныбек Дүйшөналиевичтин "Кыргыз адабиятын жогорку класстарда этнопедагогикалык негизде окутуунун методикасы" аттуу темадагы адистиги 13.00.02-окутуу менен тарбиялоонун теориясы жана методикасы (кыргыз адабияты) шифрына ылайык жазылган доктордук диссертациялык иши Д 13.23.673 диссертациялык кеңешинин адистигине туура келет.

**2. Изилдөөнүн актуалдуулугу**

Аталган изилдөө бүгүнкү күндө мектепте кыргыз адабиятын окуп-үйрөнүү методикасы илими үчүн актуалдуу, ал төмөндөгүлөр менен аныкталган, атап айтканда:

-окуу программалары, окуу-методикалык колдонмолору этнопедагогикалык негизде өз деңгээлинде иштелип чыкпагандыгы, окуучуларды турмушка үйрөтүүнүн жолго коюлбагандыгы, көркөм чыгармаларда руханий, педагогикалык баалуу ойлор болсо да, аларды азыркы жаштарды тарбиялоодо колдоно албаганыбыз, алар аркылуу этномаданий, этнопедагогикалык негизде компетенттүүлүктөрүн калыптандыруу боюнча теориялык жактан жеткиликтүү изилденбегендиги изилдөөнүн зарылдыгын көрсөтөт.

**3. Изилдөөнүн илимий жыйынтыктары:**

1-корутунду: кыргыз адабиятын жогорку класстарда этнопедагогикалык негизде окутуунун жалпы маселелерин иликтөөгө алуу менен окутуунун теориялык жана практикалык жактан изилденишинин учурдагы деңгээли аныкталган;

КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им. И. АРА...
№ 70 « 12 » 12 2023 г.

2-корутунду: жогорку класстарда кыргыз адабиятын этнопедагогикалык негизде окутуунун илимий-теориялык жактан калыптанышына талдоо жүргүзгөн жана окутуунун принциптерин компетентүүлүккө негиздөөнү сунуштаган;

3-корутунду: азыркы билим берүү системасында окутуунун адабий-педагогикалык маселелерин караштырып, кыргыз адабиятын жогорку класстарда этнопедагогикалык негизде окутуунун зарылдыгын илимий негизде чечмелеген;

4-корутунду: кыргыз адабиятын жогорку класстарда этнопедагогикалык негизде окутуунун окуу стандартында, окуу планында чагылдырылышына жана кыргыз адабияты сабагы калыптандыруучу компетенцияларындагы этнопедагогиканын ролуна баа берген;

5- корутунду: кыргыз адабиятын жогорку класстарда этнопедагогикалык негизде окутуунун методикасын, окутууну этнопедагогикалык негизде өркүндөтүү жолдорун иштеп чыккан, ал сунуштарын эксперименттен өткөргөн жана анын жыйынтыктарын берген, зарыл болгон практикалык сунуштарды айткан.

**4. Диссертациядагы алынган натыйжалардын негизделишин жана ишенимдүүлүгүн булар далилдейт**: *т.а*

1-корутунду: кыргыз адабиятын жогорку класстарда этнопедагогикалык негизде окутууну сунуштоодо этнопедагогикалык багытта жүргүзүлгөн изилдөөлөргө, этнопедагог окумуштуулардын эмгектерине, өзүнө чейинки корголгон диссертацияларга, алардын алгылыктуу тыянактарына таянган;

2-корутунду: кыргыз адабиятын жогорку класстарда этнопедагогикалык негизде окутуунун илимий-теориялык жактан калыптанышы дыкат иликтенген жана андан туура натыйжаны көрө билген;

3-корутунду: кыргыз адабиятын жогорку класстарда этнопедагогикалык негизде окутууну компетентүүлүккө негизденүү керектиги туура жана далилдүү айтылган, бул багытта учурдагы адабиятты мектептерде окутуунун жаңы көз караштагы стандарттарды изилдеп чыккан, андагы белгиленген компетенттүүлүктөрдү (маалыматтык, социалдык жана коммуникативдик) эске алган;

4-корутунду: жогорку класстарда кыргыз адабияты сабагы калыптандыруучу компетенциялар жана анда этнопедагогиканын ролу бирдикте шайкеш аныкталган, бул багытта изденүүчү окуу программасындагы негизги адабияттарды этнопедагогикалык негизде изилдеген жана аларды этнопедагогикалык негизде окутуунун жолдорун аныктаган, атап айтканда, 11-класста Т.Сыдыкбековдун “Көк асаба” жана

Ч.Айтматовдун “Кылым карытар бир күн” романын мисалга алган. Алардагы эр көкүрөк кыргыздардын элин-жерин сүйүүсү, коргоосу, эрктүүлүгү, эркиндикти самаган бийик руху, романдын тили, тарбиялык зор духу, бийлик адамдарынын элге кызмат кылуусу, ошондой эле элдик салт-санааларды билүүнүн мааниси, манкурттук, анын жалпы адамзаттык жана улуттук деңгээлдеги зыяны тууралуу кенен кеп болгон, аны окутуунун жолдору, формалары сунушталган жана сыналган, алардан жакшы натыйжалар алынган; атап айтканда, изденүүчү кыргыз адабиятын этнопедагогикалык негизде окутуу улуттук көркөм-адабий мурастар аркылуу кыргыздын көркөм-эстетикалык дөөлөттөрүн кийинки урпактарга өткөрүп берүү кызыкчылыгы менен түздөн-түз байланыштуу экендигин белгилеген, сыноо кезинде адабиятты этнопедагогикалык багытта окутууга карата: “проблемалуу баарлашуу”, “жай баарлашуу”, “ийри отуруп, түз кеңешүү”, “сөзгө конок берүү”, “акыл калчап, иш кылуу”, “жети өлчөп, бир кесүү”, “ток этээрин айтуу”, “кулагыңа күмүш сырга”, ж.б. ык-усулдар менен сабакта кыргыз адабиятынын программалык материалдарынын негизинде сабакта аңгемелешүүнүн жолдорун колдонгон; натыйжада, адабияттын турмуштук маанисин ачып көрсөткөн, “адабият - турмуштук билим” деп, мугалимдин класстык иш, класстан тышкаркы иш пландары, адабий-маданий иш чаралардын, класстык тарбиялык сааттардын маанисин бекемдеген; ошону менен бирге, сабакта, үй-бүлөдө жана коомчулукта жетилип келе жаткан улан-кыздардын эл-журт алдындагы жарандык милдетин ойготуу маселесине олуттуу көңүл бөлүнгөн; окуу процессинде жергиликтүү шартка жараша элдик каада-салттарды сабакта колдонуу, алардын таалим-тарбия берүү мүмкүнчүлүгү ар түрдүү экенин эске алып, аларды этаптарга бөлүүдө мектептердин өзгөчөлүгүнө таянып жүргүзүү зарылдыгын белгилеген;

5-корутунду: кыргыз адабиятын жогорку класстарда окутууда колдонулган жогорудагы ыкмалар этнопедагогикалык экспериментте сыналган; сыноодо адабий билим берүү менен этнопедагогикалык билим берүү иши биргеликте ырааттуу жүргөн жана алардын компоненттери ырааттуулукта таблицалар менен түшүнүктүү көрсөтүлгөн.

6-корутунду: изилдөөдө эксперименттик иштер кенен жана ырааттуу чагылдырылган. Эксперименттик иштин жыйынтыгында өлкөнүн дээрлик бардык райондорунун мектептери катышкан жана алардан толук маалымат алынган. Экспериментке 1000 ден ашуун окуучу катышкан жана алардын этнопедагогикалык даярдыгынын маалыматтары камтылган. Сыноонун жыйынтыгынан улам, соңунда көркөм чыгармаларды окутууда алардын этнопедагогикалык маани-маңызына басым коюп, инсандын рухий байлыгын байытууга артыкчылыктуу орун берүү зарылдыгын белгилеген.

**5. Диссертациялык иштеги илимий жыйынтыктардын жаңылыгынын деңгээли:**

**1-жыйынтык: жарым-жартылай жаңы,** корутунду: кыргыз адабиятын жогорку класстарда этнопедагогикалык негизде окутуунун жалпы маселелерин иликтөөгө алуу менен, окутуунун теориялык жана практикалык жактан изилденишинин учурдагы деңгээли аныкталган;

**2-жыйынтык: жаңы**: корутунду: жогорку класстарда кыргыз адабиятын этнопедагогикалык негизде окутуунун илимий-теориялык жактан калыптанышына талдоо жүргүзгөн жана окутуунун принциптерин компетентүүлүккө негиздөөнү сунуштаган;

**3-жыйынтык: жаңы,** жогорку класстарда акын-жазуучуларынын чыгармаларын этнопедагогикалык негизде үйрөтүүнүн методикасы изилдөөгө алынган, анын методологиялык негиздери жана методдору аныкталган.;

**4-жыйынтык: жаңы**: азыркы билим берүү системасында окутуунун адабий-педагогикалык маселелерин караштырып, кыргыз адабиятын жогорку класстарда этнопедагогикалык негизде окутуунун зарылдыгын илимий негизде чечмелеген; натыйжада, чейрек кылымдан ашкан убакытты ичине алган мындай тенденция кыргыз коомчулугуна өз таасирин тийгизип, кээ бир жагдайда жакшы көрсөткүчтөрдү берсе, айрым багыттар боюнча тез арада проблемага анализ берүү менен көз караштарды тактоо керектигин айкындаган абалды жаратууда. Мындай көрүнүш орто мектептердеги билим берүүдөн даана байкалып, улам кийинки муун ата-бабасы калтырып кеткен руханий мурастарды таанып-билүүдөн алыстап баратканы кимге болбосун сезилет. Чынында, орто мектептин окуучуларынын арасында түзүлгөн мындай абалга кийинки муундун өкүлдөрүн күнөөлөө туура эмес, аны өз учурунда байкабай өткөрүп жиберген мамлекеттик иштеги мүчүлүштүк катары карап, өзүнүн социалдык чөйрөсүнөн жашоосун бөлүп бара жаткан улан - кыздарды кайрадан кыргыз коомчулугуна кайтарып келүү зарылдыгы турат- деп туура жыйынтыкка келген.

**5-жыйынтык: жарым-жартылай жаңы**: кыргыз адабиятын жогорку класстарда этнопедагогикалык негизде окутуунун окуу стандартында, окуу планында чагылдырылышына жана кыргыз адабияты сабагы калыптандыруучу компетенцияларындагы этнопедагогиканын ролуна баа берген;

**6-жыйынтык: жаңы,** корутунду: кыргыз адабиятын жогорку класстарда этнопедагогикалык негизде окутуунун методикасын, окутууну этнопедагогикалык негизде өркүндөтүү жолдорун иштеп чыккан, ал

сунуштарын экспериментен өткөргөн жана анын жыйынтыктарын берген, зарыл болгон практикалык сунуштарды айткан.

**Алынган жыйынтыктардын ички биримдиги:**

Изилдөөдөгү алынган жыйынтыктар ички биримдикке, уланмалуулук мүнөзгө, логикалык ырааттуулукка, маанилик байланыштуулукка ээ.

**7. Алынган жыйынтыктарды тиешелүү проблемага, теориялык же колдонмо маселеге багытталышын баалоо.**

Кыргыз адабиятын жогорку класстарда этнопедагогикалык негизде окутуунун методикасын, окутууну этнопедагогикалык негизде өркүндөтүү жолдорун иштеп чыккандыгы жана зарыл болгон практикалык сунуштарды айткандыгы менен баалуу.

**.8. Диссертация негизги жоболорунун, жыйынтыктарынын, бүтүмдөрүнүн жетиштүү санда жарык көрүшү:**

Илимий иштин негизги материалдары жана анын сунуш-жоболору КР ЖАК талап кылган Кыргызстандагы РИНЦ статусу бар илимий журналдарга 15 жана 6 чет өлкөлүк журналда чагылдырылган.

**9. Авторефераттын мазмуну диссертация менен дал келиши:**

Авторефераттын мазмуну диссертациянын мазмуну менен толук мазмундаш жана жоболору, максат-милдеттери, тыянактары, сунуштары бири-бирине толук дал келет.

**10. Диссерациянын мазмунунда жана жасалгаланышында кеткен айрым мүчүлүштүктөргө жараша каалоолор:**

1) диссертацияда окуучулар ээ болуучу маалыматтык, социалдык, коммуниктивдик компетенциялар туура көрсөтүлгөн, элдик салт, нарк ж.б. боюнча окуучулардын этнопедагогикалык билими, көндүмдөрү корутундуланган, ошону менен бирге, көркөм чыгармалардын этнопедагогикалык маани-маңызы жакшы чечмеленген, бирок ошол жерде окуучулар ээ болуучу этнопедагогикалык компетенттүүлүктөр көркөм чыгармалардан алган билимдеринин, каармандарынын мисалында дагы да тереңирээк берилсе болмок;

2) эксперименттик ишинин жүрүшүндө окуучулардын этнопедагогикалык билимин, түшүнүгүн жана көндүмдөрүн айыл жана шаар мектептеринин мисалында жыйынтыктары менен айырмачылыктарын так берген, бирок окуучулардын этнопедагогикалык билимин баалоодо алгачкы эксперименттеги маалыматтар менен жыйынтыктоо кезиндеги алынган илимий тыянактар салыштырылып корутундуланса жакшы болмок.

Бирок жогоруда айтылган сын пикирлер диссертациянын негизги жоболору менен тыянактарына терс таасирин бербейт. Иш сабаттуу жана

өзүнө тиешелүү талаптарга жооп берген, өз алдынча бүткөрүлгөн изилдөө катары бааланат.

**11. КР ЖАКтын "Окумуштуулук даражалдарды ыйгаруу тартиби жөнүндөгү Жобосунун талаптарына диссертациянын дал келиши.**

Жогоруда айтылган алгылыктуу жагдайларды эске алуу менен, изденүүчү Кенжешев Каныбек Дүйшөналиевичтин "Кыргыз адабиятын жогорку класстарда этнопедагогикалык негизде окутуунун методикасы" аттуу деген темадагы адистиги 13.00.02-окутуу менен тарбиялоонун теориясы жана методикасы (кыргыз адабияты) шифрына ылайык доктордук диссертациялык иши КР ЖАКтын "Окумуштуулук даражалдарды ыйгаруу тартиби жөнүндөгү Жобосунун талаптарына толук дал келет, ал эми автору Кенжешев Каныбек Дүйшөналиевич педагогика илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алууга жана ыйгарууга толук татыктуу деп эсептөөгө болот.

**Расмий оппонент:** **Рысбаев С.К., п.и.д., профессор**

Колун тастыктайм
КЛИИК ЖДКбнн
башчысы А. Асанова

КАДРЛАР БӨЛҮМҮ
ОТДЕЛ КАДРОВ

Дата поступления
в ДС Д 13.23.673
отзыва
01.12.2023г
О. Омурбаева

КАДРЛАР БӨЛҮМҮ
ОТДЕЛ КАДРОВ

И. АРАБАЕВ атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им И. АРАБАЕВА
ОК:
КОЛ ТАМГАСЫН ТАСТЫКТАЙМЫН
ПОДПИСЬ ЗАВЕРЯЮ